БЕКИТЕМ

ТалМУнун ректору

_____доц. А.Ш.Упенов

"20" _____08_____201_5_ж

Талас мамлекеттик университетинин (ТалМУ)

профессорунун кызматтык көрсөтмөлөрү

Бул кызматтык көрсөтмө Кыргыз Республикасынын (КР) Эмгек кодексинин жоболоруна, КРнын 2003-ж. 30-апрелиндеги № 92 "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына (КРнын 2015-ж.17-апрелиндеги №84, 2015-ж. 3-августундагы №213, 2016-ж. 29-июундагы № 92 мыйзамдарынын редакциясында), КР Өкмөтүнүн 2004-ж. 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген(КРнын Өкмөтүнүн 2009-ж/ 5-мартындагы № 148, 2013-ж.19-апрелиндеги №209, 2016-ж. 11-апрелиндеги № 191 токтомунун редакциясында) "КРнын жогорку билим берүү мекемелери жөнүндө" жоболоруна жана ТалМУнун уставына ылайык иштелип чыккан жана бекитилген.

1. Жалпы жоболор

1.1.ТалМУнун профессору профессордук-окутуучулук курамына кирет жана кафедра башчысына баш ийет.

1.2. Профессордун кызмат ордуна профессор наамы бар же илимдин доктору даражасы бар тиешелүү квалификациядагы адистер кабыл алынат жана талапкерге коюлуучу талаптар:

- мыйзамдык күчүнө кирген соттун чечиминин негизинде педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүүдөн четтетилбеген (КРнын Эмгек кодексинин 377-беренеси? 2-бөлүк);

- сот жообуна тартылбаган (КР эмгек кодексинин 377-беренеси, 2 бөлүк);

- КР Өкмөтүнүн белгиленген тизмелеринде каралган оорулар менен оорубаган (КРнын эмгек кодексинин 377-беренеси, 2 бөлүк).

1.3.Профессор төмөндөгүлөрдү билүүгө тийиш:

-жогорку кесиптик билимге тиешелүү суроолорго байланыштуу КРнын мыйзамдарын жана нормативдик-укуктук актыларын;

- университеттин нормативдик актыларын;

-жогорку кесиптик билим берүүнүн тиешелүү программаларына туура келген КРнын мамлекеттик билим берүү стандарттарын;

- билим берүү системасын башкаруу теорияларын жана ыкмаларын;

- окуу пландарын түзүү иретин;

-окуу иштеринде документтерди жүргүзүү эрежелерин;

- педагогиканын, психологиянын, физиологиянын негиздерин;

- кесиптик окутуунун методикаларын;

- методикалык, илимий-методикалык, илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун технологиясын;

- окутуунун жана тарбиялоонун заманбап формаларын жана ыкмаларын;

-билим берүүдөгү технологияларды колдонуунун методдорун жана ыкмаларын, ошондой эле аралыктан окутуунун методдорун;

- жекече компьютерлерде жана башка электрондук сандык түзүлүштөрдү иштөөнүн талаптарын;

- экология, укук жана социологиянын негиздерин;

-илимий-изилдөө иштеринин ишке ашышы үчүн маалыматтарды издөө, чогултуу, сактоо, иштеп чыгуу, жайылтуунун негизги методдорун;

-өздүк интеллектуалдык укуктарды коргоонун механизмдерин;

-КРнын эмгектик мыйзамдарынын негиздерин;

-ТалМУнун ички эмгектик тартиптеринин эрежелерин;

-эмгекти коргоо жана өрт коопсуздуктарынын эрежелерин.

1.4.Профессор өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алат:

-ТалМУнун уставын;

-кызматтык көрсөтмөнү;

-факультет тууралуу жобо, кафедра тууралуу жобо жана окумуштуулар кеңешинде бекитилген университеттин актыларын, жоболорун.

1.5.Профессор өргүүдө болуп же ден соолугуна байланыштуу жок болуп калган убакта, анын милдетин көрсөтүлгөн тартиптин негизинде убактылуу милдетин аткаруучу аткарат.

1.6. ТалМУнун профессору кызмат орду шайлануучу кызмат болуп эсептелет. Профессорду шайлоо "ТалМУда профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобого" ылайык ТалМУнун окумуштуулар кеңешинин отурумунда жүргүзүлөт.

2. Кызматтык милдеттемелер

Профессор төмөнкү милдеттерди аткарат:

2.1. Окутулуучу дисциплиналар боюнча окуу, тарбия, окуу-методикалык иштерди, практиканы жана башка иштерди уюштурууну, пландаштырууну жана текшерүүнү ишке ашырат.

2.2. Кафедранын багыты боюнча лекциялык курстарды окуйт (электрондук, дистанттык курстарды), окуу сабактарынын бардык түрлөрүн берет, курстук жана дипломдук иштерге, изденүүчүлөрдүн, аспиранттардын жана магистрлердин илимий иштерине жетекчилик кылат.

2.3. Кафедранын илимий багыты боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштурат жана аларга жетекчилик кылат.

2.4. Гранттык негизде илимий-изилдөө иштердин темаларын, долбоорлорду, окуу китептерин, монографиялык эмгектерди даярдоодо жетекчилик же аткаруучулук милдетти аткарат.

2.5. Электрондук программалар менен иштөөнү билет.

2.6. Эмгектерин жарыкка чыгарууга жөндөмдүү, активдүү, ар жыл сайын РИНЦ, Web of Science жана Scopus маалымат базаларында илимий эмгектерин жарыялайт.

2.7. Илимий-изилдөө иштердин аткарылышында кафедранын окутуучуларын, көмөкчү кызматкерлерди, аспиранттарды, университеттин башка структуралык бөлүмдөрүндөгү кесипкөйлөрдү шарттап ишке тартаалат.

2.8. Өзү окуткан дисциплиналар боюнча окуу программаларын иштеп чыгат жана алардын башка окутуучулар тарабынан иштелип чыгышына жетекчилик кылат.

2.9. Учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу аттестацияда баалоочу, диагностикалоочу материалдарды иштеп чыгышына катышат.

2.10. Кафедранын илимий-методикалык иштерине, факультеттин, университеттин кеңештерине катышат.

2.11. Билим берүү программасынын окуу-методикалык, маалыматтык камсыз болушуна экспертиза жүргүзөт. Өзү окуткан дисциплиналардын окуу-методикалык камсыз болушуна текшерүү жүргүзөт.

2.12. Билим берүүнүн негизги жана кошумча программаларынын эффективдуулүгүн арттыруу үчүн окуу китептерин, илимий-методикалык, окуу-методикалык колдонмолорду, лекциялардын конспектилерин даярдоого жетекчилик кылат.

2.13. Кафедранын, факультеттин окуу-методикалык, окуу, тарбиядык иштеринин ишке ашышын жакшыртуу боюнча сунуштарды алып чыгат.

2.14. Илимий конференцияларга, илимий-практикалык семинарларга, эл аралык конференцияларга катышат.

2.15. Кафедранын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатууга активдүү катышуу, аларга илимий-методикалык жактан жардам берүүгө, педагогикалык чеберчиликти, кесиптик көндүмдөрдү калыптандырууга жардам берет.

2.16. Кафедрада илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого жетекчилик кылат.

2.17. Илимий-техникалык, социалдык-гуманитардык, экономикалык, укуктук билимдерди жарыялоого катышат.

2.18. Кафедранын, факультеттин ишмердигине тиешелүү болгон суроолорду камтыган университеттин структуралык бөлүмдөрүнүн иш-чараларына жана шайлоо органдарына катышуу.

3. Укуктар

Профессор төмөнкү укуктарга ээ:

3.1.Университеттин жетекчилигинин чечимдеринин долбоорлорун талкуулоого катышууга;

3.2.Уюштуруу суроолоруна байланыштуу кафедранын отурумунун өтүшүнө байланыштуу демилге көтөрүүгө.

3.3. Башка структуралык бөлумдөрдөн, адистерден керектүү маалыматтарды, документтерди суроо жана алууга;

3.4.Берилген тапшырмалардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышына текшерүү жүргүзүүгө

3.5. өзүнүн кызматтык милдеттемелеринин аткарылышы боюнча суроолорду талкулоого катышууга;

3.6. Университеттин ички эмгектик тартибинде, коллективдик келишимде жана башка ички актыларда аныкталган укуктарга.

4. Жоопкерчилик

4.1. Профессор төмөнкүлөргө жоопкерчиликтүү:

- ушул кызматтык көрсөтмөлөрдүн негизинде кызматтык милдеттемелерин аткарбаса, же аткаруудан баш тартса КРнын эмгектик мыйзам-ченемдеринде көрсөтүлгөн тартиптин негизинде жоопкер болот;

-университеттин уставынын бузулушуна жол берсе;

-билим алуучуларга карата физикалык жана психикалык күч колдонуу менен тарбиялоо жүргүзсө;

-КРнын эмгектик мыйзам-ченемдеринде көрсөтүлгөн тартиптин негизинде университетке залал келтирсе.

Макулдашылды:

	Факультет,кафедранын аты	Фамилия, атыжанаатасынынаты	Колу	Күнү
Факультеттин деканы				
Кафедра башчысы				
Көрсөтмө менен тааныштым				